**Расмий тилден мамлекеттик тилге которулган**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН**

Кайсын Кадырович Абакировдун кайрылуусуна байланыштуу «Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 28-беренесинин 7-бөлүгүнүн экинчи абзацынын жана «Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешине караштуу Тартип комиссиясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 25-беренесинин 1-бөлүгүнүн конституциялуулугун текшерүү тууралуу иш боюнча өндүрүштү токтотуу жөнүндө

**АНЫКТАМАСЫ**

2019-жылдын 4-апрели Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы: төрагалык кылуучу - судья Э.Т. Мамыров, судьялар: К. Абдиев, Ч.А. Айдарбекова, М.Р. Бобукеева, М.Ш. Касымалиев, К.М. Киргизбаев, А.О. Нарынбекова, Э.Ж. Осконбаев, Ч.О. Осмонова, Ж.И. Саалаевдин курамында, сот отурумунун катчысы К.А. Аблакимовдун катышуусу менен, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 41-беренесинин 1-бөлүгүнүн 1-пунктун жетекчиликке алып, «Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын

28-беренесинин 7-бөлүгүнүн экинчи абзацынын жана «Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешине караштуу Тартип комиссиясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 25-беренесинин 1-бөлүгүнүн Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 16-беренесинин 3-бөлүгүнө, 20-беренесинин 5-бөлүгүнүн 8-пунктуна жана 40-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык келүүсү жөнүндө 2018-жылдын 31-декабрындагы Кайсын Кадырович Абакировдун өтүнүчүндө көрсөтүлгөн талаптардан баш тартуусу жөнүндө өтүнүчүн соттук отурумда карап чыгып,

**Т А П Т Ы:**

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына 2018-жылдын 31-декабрында К.К. Абакировдун «Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 28-беренесинин 7-бөлүгүнүн экинчи абзацынын жана «Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешине караштуу Тартип комиссиясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 25-беренесинин 1-бөлүгүнүн Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 16-беренесинин 3-бөлүгүнө, 20-беренесинин 5-бөлүгүнүн 8-пунктуна жана 40-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык келүүсүн текшерүү жөнүндө өтүнүчү келип түшкөн.

К.К. Абакировдун пикири боюнча алдын ала эскертүү, эскертүү же сөгүш берүү түрүндөгү судьяга карата тартип жазасын колдонуу жөнүндө Судьялар кеңешине караштуу Тартип комиссиясынын чечимин «Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 28-беренесинин 7-бөлүгүнүн экинчи абзацынын жоболору даттанууга жол бербейт. Андан тышкары, «Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешине караштуу Тартип комиссиясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 25-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык тартип комиссиясынын

чечими жарыяланган учурдан тартып күчүнө кирет. Ошентип, арызданууучу болжогондой, көрсөтүлгөн тартип жазаларынын бирин алган судья аны менен макул болбогон учурда да Тартип комиссиясынын көрсөтүлгөн маселелер боюнча чечими акыркы жана даттанууга жатпай турган чечимдин күчүнө ээ болууда.

Баяндалганды эске алуу менен, арызданууучу талашылып жаткан ченемдер Кырыгз Республикасынын Конституциясында кепилденген мыйзам жана сот алдында бардыгынын бирдей болуусунун принциптерине карам-каршы келүүдө, ар кимдин соттук коргонууга укугун бузууда деп эсептейт. Ушуга байланыштуу, К.К. Абакиров «Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 28-беренесинин 7-бөлүгүнүн экинчи абзацынын жана «Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешине караштуу Тартип комиссиясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 25-беренесинин 1-бөлүгүнүн Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 16-беренесинин 3-бөлүгүнө, 20-беренесинин 5-бөлүгүнүн 8-пунктуна жана 40-беренесинин 1-бөлүгүнө карама-каршы келет деп таанууну суранган.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2019-жылдын 14-февралындагы аныктамасы менен К.К. Абакировдун өтүнүчү өндүрүшкө кабыл алынган.

Бирок, 2019-жылдын 2-апрелинде Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын отурумунда ишти кароо датасы бекитилгенге чейин арызданууучунун кайрылууда берилген талаптарынан баш тартуу жөнүндө өтүнүчү келип түшкөн.

«Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 32-беренесинин 4-бөлүгүнүн төртүнчү абзацына ылайык кайырлуучу тарап өзүнүн талаптарынан конституциялык сот өндүрүшүнүн ар кайсы стадиясында баш тартууга укуктуу. Көрсөтүлгөн конституциялык Мыйзамынын 41-беренесинин 1-бөлүгүнүн 1-пунктунун талаптарынын

күчүнө карай Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы тарабынан маңызы боюнча чечим кабыл алынганга чейин тарап маселесин ыктырдуу түрдө алган учурда иш боюнча өндүрүш токтотулат.

Жогоруда баяндалгандын негизинде, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 32-беренесинин 4-бөлүгүнүн төртүнчү абзацынын, 41-беренесинин 1-бөлүгүнүн 1-пунктун жана 2-бөлүгүн, 46, 47, 51-беренелерин жетекчиликке алып,

**А Н Ы К Т А Д Ы:**

1. Кайсын Кадырович Абакировдун кайрылуусуна байланыштуу «Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 28-беренесинин 7-бөлүгүнүн экинчи абзацынын жана «Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешине караштуу Тартип комиссиясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 25-беренесинин 1-бөлүгүнүн конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча өндүрүш токтотулсун.

2. Иш боюнча өндүрүштүн токтотулушу арызданууучуну ушул эле талап менен жана ушул эле негиздер боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына кайталап кайрылуу мүмкүнчүлүгүнөн ажыратат.

3. Ушул аныктама акыркы жана даттанууга жатпайт, жарыяланган учурдан тартып күчүнө кирет.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫ**